«БЕКИТЕМИН»
ОшМУнун ректору
профессор К.Г. Кожобеков

_______________
__ ______ 2020-жыл

«МАКУЛДАШЫЛДЫ»
ОшМУнун студенттик коомчулук
менен иштөө боюнча проректору
Ж.А. Артыкова
_______________
29 – декабрь, 2020-жыл.

**Ош мамлекеттик университетинин**
**студенттик кеңеши жөнүндөгү**
**ЖОБОСУ**
(2008-жылы бекитилген ОшМУнун жаштар комитети жөнүндөгү жобонун негизинде кайрадан иштелип чыгарылды)

## I. Жалпы жобо

1.1. Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин өзүн-өзү башкаруу структурасы – студенттик кеңеш *(мындан ары –студенттик кеңеш)* болуп саналат. ОшМУнун студенттик кеңеши мамлекеттик жана ОшМУнун жаштар саясатын өз компетенциясынын чегинде жүзөгө ашыруучу окуу жайдагы структуралык түзүм болуп эсептелет. Ал Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаштар саясатын өнүктүрүү» жөнүндөгү указынын негизинде түзүлүп, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү», «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндөгү» мыйзамдарына, ОшМУнун уставына, тарбия концепциясына, ушул жобого жана башка нормативдик укуктук актыларга таянып иш жүргүзөт.
1.2. Студенттик кеңеш окуу жайдын 14 жаштан 30 жашка чейинки жаштарынын курамында түзүлөт;
1.3. Кеңеш республикалык аткаруу жана жергиликтүү башкаруу органдары, коомдук жана өкмөттүк эмес жаштар уюмдары менен тыгыз байланышта иш алып барат;
1.4. Студенттик кеңештин дареги – Ош шаары, Ленин көчөсү - 331

## II. Студенттик кеңештин максаттары жана милдеттери

Студенттик кеңештин негизги максаты жана милдеттери катары төмөндөгүлөр эсептелет:
2.1. КРнын «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндөгү» мыйзамын аткаруу;
2.2. КРнын мамлекеттик жаштар саясатын ОшМУнун компетенциясынын чегинде жүзөгө ашыруу;
2.3. Улуттук «Кыргызстан жаштары» программасын аткарууну камсыздоо;
2.4. КРнын башка ЖОЖдору менен байланыштарды түзүү жана күчөтүү;
2.5. Студент-жаштардын арасында фестиваль, форум, конкурс, илимий-практикалык конференция, семинар, тренинг, жолугушуу, лекция, маектешүү, дебат, дискуссия, жаштарды өнүктүрүү программалары, маданий-массалык жана спорттук иш чараларды ырааттуу түрдө мезгил-мезгили менен уюштуруу ошондой эле шаардык, регионалдык, республикалык жана эл аралык иш чараларга активдүү катышуу;
2.6. Жаш ишкерлердин долбоор-программаларын жана демилгелерин кубаттоо, жаштардын жумуш менен камсыз болуусуна жана студент-жаштардын укуктук, социалдык, экономикалык кызыкчылыктарын коргоого көмөктөшүү, студенттик эмгек отряддарын уюштуруу;
2.7. Жаштардын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн мамлекеттик, жеке жана коммерциялык ишкерлер ошондой эле эл аралык уюмдар менен биргеликте социалдык программаларды, долбоорлорду иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;

2.8. Окуу-тарбия иштерине көмөк көрсөтүү, студент-жаштардын маданий эс алуусун уюштуруу, жаштар арасында дене тарбиясын жана спортту өнүктүрүү;

2.9. Мамлекеттин социалдык-экономикалык, маданий, демографиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жаштардын укугун коргоо, мыйзамдык кызыкчылыктарын камсыздоо;

2.10. Жаштардын нравалык, интеллектуалдык, маданий-эстетикалык жактан өнүгүүсүнө жана бийик патриоттук сезимде тарбиялануусуна өбөлгө түзүү.

## III. Студенттик кеңештин укуктары

3.1. Окуу жайдын ичинде жаштар саясатын жүргүзүү максатында негизги приоритеттер жана багыттар боюнча сунуштарды окуу жайдын жетекчилигине жеткирүүгө жана аларды ишке ашыруу боюнча механизмдерди иштеп чыгууга, ошондой эле жаштар саясаты боюнча регионалдык, республикалык, мамлекеттик, эл аралык иш чараларга катышууга;
3.2. КРнын мыйзамдарына каршы келбеген учурларда өз компетенциясынын чегинде өз алдынча чечимдерди кабыл алууга;
3.3. Социалдык-психологиялык, педагогикалык, укуктук жана турмуштук татаал кырдаалдарда жаштарга жардамдык кубаттоо көрсөтүү иш чараларына катышууга;
3.4. ОшМУнун окуу имараттарынын, жатаканаларынын санитардык, электрдик-техникалык коопсуздук абалын текшерүү боюнча атайын рейддерге катышууга;
3.5. Студенттердин арасында көйгөйлөрдү алдын алуу боюнча профилактикалык түшүндүрүү жана тарбиялык иштерди жүргүзүүгө;
3.6. Окуу процессинде сапаттык жана абсолюттук жетишүүсү төмөн болгон жана коомдук жайларда өзүн алып жүрүүсү, дисциплиналык эрежелерге жооп бербеген студенттерди студенттик кеңештин жыйындарында күн тартибине коюуга;
3.7. Жылдын жыйынтыгы боюнча жана майрамдык даталарга карата окуу процессиндеги мыкты жетишкендиктери, спорттук мелдештерде жогорку көрсөткүчтөрү жана маданий-массалык, коомдук иш чараларга активдүү катышкандыгы үчүн студенттерди, магистранттарды, аспиранттарды сыйлоо *(стипендия, акчалай сыйлык, ардак грамота ж.б.)* жөнүндө окуу жайдын ректоратына сунуш берүүгө;
3.8. ОшМУнун студенттик кеңешинин курамын түзгөн структура мүчөлөрүнө өз компетенциясынын чегинде тарбия жана уюштуруу иштери боюнча методикалык координацияны камсыздоого;
3.9. Жаштар саясатына байланыштуу иш чараларды уюштурууда ыктыярдуу жана келишимдик негизде демөөрчүлөрдү жана уюмдарды тартууга;
3.10. Студент-жаштардын арасында окуу-өнүгүү борборлорун, спорттук клубдарды, чыгармачыл топторду ж.б. уюмдарды түзүүгө көмөктөшүүгө;
3.11. Жаштар иштери боюнча маалымат бюллетендерин, тарбиялык-методикалык ж.б. материалдарды даярдоого.

## IV. Студенттик кеңештин башкаруу органын, структурасын түзүү жана иштөө мөөнөтү

4.1. ОшМУнун студенттик кеңешинин курамы 25 тен кем эмес мүчөдөн турат. Курамдын мүчөлөрүн факультеттер, колледждер, тарбия департаменти, илим, аспирантура, магистратура бөлүмү сунуштайт.
4.2. 14 жаштан 30 жашка чейинки жаш окутуучулар, студенттер, магистранттар, аспиранттар, ординаторлор студенттик кеңешке мүчө боло алышат. Курамда 2 ден кем эмес чет өлкөлүк студенттер/ магистрантар/ аспиранттар/ жаш окутуучулар/ ординаторлор болот.
4.3. ОшМУнун студенттик кеңешинин төрагасын/ төрайымын ОшМУнун студенттик кеңешинин курамы жабык добуш берүү жолу менен шайлайт. ОшМУнун студенттик кеңешинин төрагалык/ төрайымдык кызматтына жашы 20 жаштан төмөн эмес, 30 жаштан жогору эмес курактагы университеттин студенттери, окутуучулары, магистранттары,

аспиранттары талапкерлигин кое алат. Төрагалык/ төрайымдык кызматына 3 жылдык мөөнөткө шайланат. О.э. иштөө мөөнөтү аяктаганга чейин ден – соолугуна байланыштуу, же жеке арызы жана иш-аракеттеринин маани-мазмуну көрсөтүлгөн жоболорго дал келбесе КРнын мыйзамдарынын негизинде кызмат ордунан бошотулат.

### *4.4. Төраганын укуктары жана милдеттери:*

Төрага кеңештин жалпы ишмердүүлүгүн жетектейт;

4.4.1. кеңешке жүктөлгөн милдеттердин жана тапшырмалардын аткарылышын төрага координациялайт жана жооп берет;
4.4.2. Кеңештин структурасын иштеп чыгат жана кырдаалга карата өзгөртүүлөрдү киргизет;
4.4.3. Кеңештин структуралык жетекчилери *(орун басар, сектор башчылары, факультеттердин студенттик кеңештеринин төрагалары)* студенттик кеңештин жобосуна ылайык иштелип чыккан функционалдык милдеттери жана укуктары жөнүндөгү жобонун негизинде иш алып барышат;
4.4.4. Студенттик кеңештин актив-мүчөлөрүн (орун басары жана сектор башчыларын) кызматка дайындайт, мыйзам чегинде дисциплиналык жоопкерчиликке тартат жана кызматынан бошотот;
4.4.5. Факультеттердин студенттик кеңешинин иш чараларынын жоболорун, иш пландарын бекитет;
4.4.6. Өзүнүн компетенциясынын чегинде кеңештин актив-мүчөлөрүнө тапшырмаларды, инструкцияларды жана көрсөтмөлөрдү берет;
4.4.7. Студенттик кеңештин ишмердүүлүгүнө байланыштуу келишимдерди жана макулдашууларды түзөт;
4.4.8. Студенттик кеңештин ишмердүүлүгүнүн негизги перспективалык багыттарын аныктайт, пландарын иштеп чыгат жана алардын аткарылышы жөнүндө отчет даярдайт;
4.4.9. Факультеттердин студенттик кеңешинин төрагалык кызматына шайлоо өткөзүү же дайындоо, конкурстук тандап алуу үчүн факультеттин жетекчилигине талапкер сунуштайт;
4.4.10. Факультеттердин студенттик кеңешиинин төрагаларынын иш-пландарын бекитет жана алардын аткарган иштери тууралуу отчетторун семестрде бир жолу угат;
4.4.11. Студенттик кеңештин материалдык-техникалык каражаттарынын максаттуу жана эффективдүү пайдаланылуусун контролдойт;
4.4.12. Студенттик кеңештин курамына төрага, төраганын орун басары кирген коллегия түзүүгө укуктуу. Коллегиянын курамына окуу жайдын администрациясынан *(проректорлор, декандар, бөлүм башчылар)*, профсоюз уюмунан, факультеттердин студенттик кеңештеринин мүчөлөрүнөн, жатаканалардын студенттик кеңештеринен өкүлдөр мүчө катары кире алат;
4.4.13. Коллегия мамлекеттик жана окуу жайдын жаштар саясатынын негизги маселелерин карайт жана талкуулайт;
4.4.14. Коллегиянын курамынын мүчөлөрүн төраганын сунушу боюнча окуу жайдын жетекчиси бекитет;

## V. Студенттик кеңештин финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары

5.1. Студенттик кеңеш тарабынан аткарылуучу иш чараларды финансылык каржылоо КРнын мыйзамдарына туура келген түрдө университеттин бюджетинин, гранттардын, долбоорлордун, демөөрчүлөрдүн ж.б. каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт;
5.2. Студенттик кеңештин тиешелүү иш чараларды аткарууда комитеттин актив-мүчөлөрү университеттин администрациясы тарабынан бөлүнүп берилген материалдык-техникалык каражаттардан пайдаланышат.

## VI. Студенттик кеңешти өзгөртүп түзүү жана жоюу

6.1. Студенттик кеңештин ишмердүүлүгүн токтотуу төмөндөгүдөй жолдордун биринин негизинде ишке ашат:

*а) өзгөртүп түзүү;*

*б) структураны жоюу;*

6.2. Студенттик кеңештин ишмердүүлүгүн токтотуу же өзгөртүүлөрдү кийирүү университеттин ректору тарабынан атайын түзүлгөн комиссиянын чечиминин негизинде жүргүзүлөт;

6.3. Студенттик кеңештин жүргүзгөн ишмердүүлүгүнө тиешелүү жана кеңештин ишмердүүлүгүн токтотуудагы түзүлгөн документтер КРнын «Кыргыз Республикасынын улуттук архивдик фонду» жөнүндөгү мыйзамынын негизинде сакталат жана колдонулат.

Түзгөн ОшМунун студенттик кеңешинин төрагасы Орозали уулу Б.

25.12.2020